КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

---

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №4-КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июлундагы №22** **Оргочор айылы**

**2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык жыйынтыгы жөнүндө**

Оргочор жергиликтүү бюджетинин 2024-жылдын 6 айлык аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Жумашовдун слайд менен аймакта аткарылып жаткан жана аткарылган иштери боюнча отчету жана финансы пландоо боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Турдубек уулунун билдирүүлөрү угулуп, жергиликтүү кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Оргочор жергиликтүү кеңешинин Финансы пландоо боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда кабыл алынган отчет эске алынсын.

2. Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Жумашовдун 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча отчету канаттандыраарлык деп табылсын.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**